# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2018-жылдын 5-апрели № 186*

## "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө

Жарандардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоочу бирдиктүү системаны түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-августундагы № 1836-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жаңы доорго - кырк кадам" программасынын алкагында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси түзүлсүн.

2. "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы 38-пункт менен толукталсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| 38 | "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси" | 12 |

".

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы № 12 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагындагы башка уюмдар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пунктунун "а" пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"- "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси;".

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы № 119 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башкаруу схемасында:

- "Республикалык ведомстволук мекемелер" позициясындагы "Улуттук тестирлөө борбору" деген сөздөр "Улуттук билим берүү сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар борбору" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 26-мартындагы № 150 "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо тутумун түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо тутумун өнүктүрүү жана киргизүү концепциясында:

- 5-главанын биринчи абзацындагы "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук тестирлөө борборунун" деген сөздөр "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 6-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Тутумду башкаруу

"Кыргызтест" тутумун башкарууну "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси ишке ашырат, ал мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо тутумун - "Кыргызтестти" түзөт.".

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда 12-2-тиркеме менен толуктałсын.

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-майындагы № 253 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы 35-2-пункт менен толукталсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| 35-2 | "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси" | 2 |

".

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы № 430 "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө жобону, Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2 жана 3-пункттары күчүн жоготту деп таанылсын;

- 1-тиркемеси ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

10. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук тестирлөө борборунун "Кыргызтест" башкармалыгынын материалдык-техникалык базасын жана финансы каражаттарын "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесине өткөрүп берсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу уюштуруучулук жана башка чараларды көрсүн;

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

11. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте:

- 14324381 (он төрт миллион үч жүз жыйырма төрт миң үч жүз сексен бир) сом өлчөмүндөгү акча каражатын издеп тапсын жана 2018-жылы "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин ишин каржыласын;

- "Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам долбоорун даярдоодо тиешелүү өзгөртүүлөрдү карасын.

12. "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

13. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

14. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **С.Исаков**

2-тиркеме

"12-2-тиркеме

**"Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын**
**ӨЛЧӨМДӨРҮ**

| № | Кызматтардын аталышы | Кызматтык маяналардын өлчөмдөрү (сом менен) |
|---|---|---|
| 1 | Директор | 15000 |
| 2 | Директордун орун басары | 13500 |
| 3 | Башкы бухгалтер | 12000 |
| 4 | Бөлүмдүн начальниги | 12000 |
| 5 | Башкы адис | 10500 |
| 6 | Жетектөөчү адис | 10000 |
| 7 | Адис | 9000 |
| 8 | Бухгалтер-кассир | 9000 |

".

3-тиркеме

"1-тиркеме

**"Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоонун бирдиктүү системасынын (мындан ары - "Кыргызтест" системасы) негизги максаттарын, милдеттерин, эрежелерин жана принциптерин аныктайт.

2. "Кыргызтест" системасы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана чет элдик жарандардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин милдеттүү түрдө билүү деңгээлдерине жана көлөмүнө ылайык элементардык (А1), базалык (А2), ортоңку (В1), ортодон жогору (В2) жана жогорку (С1) деңгээлдери боюнча жүргүзүлөт.

3. Тест тапшырмалары "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан аныкталган тартипте квалификациялуу филолог-адистер тарабынан иштелип чыгат.

4. Тестирлөө жыйынтыктарынын протоколдору "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин архивинде электрондук түрдө жана кагаз вариантында "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.

## 2-глава. Максаты жана милдеттери

5. Тестирлөөнүн максаты болуп тестирлөөгө катышуучулардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин калыс жана ачык аныктоо саналат.

6. "Кыргызтест" системасынын милдеттери төмөнкүлөр:

- мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо бөлүгүндө "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" жана "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын ишке ашырылышын камсыздоо;

- "Кыргызтест" системасын кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары иштөөсүнө жана өнүгүүсүнө көмөк берүүчү бирдиктүү каражат катары түзүү жана ишке киргизүү;

- тестирлөө процессин заманбап маалыматтык-техникалык каражаттар менен камсыздоо жана методикалык окуу куралдары, иштелмелер менен коштоо.

## 3-глава. Тестирлөө жүргүзүүнүн принциптери

7. Тестирлөө жүргүзүүдө "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлери төмөнкү принциптерди жетекчиликке алат:

- уюштуруу-техникалык чечимдердин мүмкүн болуучу ар түрдүүлүгүндө системанын функциялык бирдиктүүлүгүнүн принциби;

- баалоонун илимий негизделген, стандартташтырылган жана технологиялык жактан өнүккөн каражаттарын колдонуу;

- тест тапшырмаларынын жашыруундуулугун бекем сактоону камсыздоо;

- тестирлөө процессинде ачык-айкындуулукту, системалуулукту, объективдүүлүктү жана тартипти камсыздоо;

- тестирлөө жүргүзүлгөн жерлерде тиешелүү шарттарды камсыздоо;

- тест тапшыруучуга тестирлөөнүн шарттары жөнүндө толук маалымат берүү.

## 4-глава. Тестирлөө жүргүзүү тартиби

8. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси "Кыргызтест" системасы боюнча төмөнкүдөй ыкмалар менен аныктайт:

- компьютердик тест;

- интернет-ресурс аркылуу онлайн режиминдеги тест;

- компьютер (интернет-ресурс) менен тестирлөө мүмкүнчүлүгү болбогон учурда бланктык (кагаз түрүндө) тест.

9. "Кыргызтест" системасы боюнча мамлекеттик тилди билүү деңгээли "Лексика. Грамматика", "Угуу", "Окуу", "Жазуу" жана "Сүйлөө" субтесттери аркылуу аныкталат.

"Лексика. Грамматика", "Угуу" жана "Окуу" субтесттеринин жыйынтыктары компьютер программасы аркылуу бааланат. "Жазуу" жана "Сүйлөө" субтесттери квалификациялуу филолог-адистер тарабынан бааланат.

Жалпы жыйынтык бардык субтесттердин натыйжасын кошуу менен эсептелет.

10. Тестирлөө 2 этап менен өткөрүлөт:

- 1-этап: каттоо, идентификациялык код алуу, видеонускаманы көрүү жана тестирлөөдөн өтүү эрежелери менен таанышуу;

- 2-этап: тесттен өтүү жана жыйынтыгын алуу.

11. "Кыргызтест" системасы боюнча тестирлөөнүн жыйынтыктары төмөнкүдөй чыгарылат:

- эгерде тест тапшыруучу тест боюнча зарыл болгон (тапшырмалардын 100% жалпы санынан 60% же андан жогору) жалпы балл топтосо, мамлекеттик тилди билүү деңгээли жөнүндө белгиленген үлгүдөгү сертификат (А1, А2, В1, В2 же С1) берилет;

- эгерде тест тапшыруучу тапшырмалардын 100% жалпы санынан 60%дан төмөн жалпы балл топтосо, субтесттер боюнча топтолгон баллды көрсөтүү менен маалымкат берилет;

- кагаз түрүндө берилген жыйынтык "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин гербдүү мөөрү менен күбөлөндүрүлөт;

- тестирлөөнүн жыйынтыктары "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин www.kyrgyztest.gov.kg веб-сайтына жайгаштырылат.

12. Белгиленген үлгүдөгү сертификат жана тесттин жыйынтыгы жазылган маалымкат "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан берилет.

13. Сертификаттын үлгүсү "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан бекитилет.

Сертификаттын жарактуулугу - мөөнөтсүз.

Маалымкат 2 жылга жарактуу жана тестти кайра тапшырууда көрсөтүлүшү мүмкүн.

14. Эгерде тест тапшыруучу тестирлөөнүн жыйынтыгы менен макул болбосо, тестен өткөндүгү жөнүндө маалымкат алган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде тест жыйынтыктарын кайра кароо үчүн апелляциялык комиссияга кайрылууга укуктуу. Апелляциялык комиссия тест тапшыруучунун арызы түшкөн күндөн тартып аны үч жумуш күндүн ичинде карайт.

Апелляциялык комиссия тестирлөөнүн жыйынтыктарын карагандан кийин оң чечим чыгарган учурда, тест тапшыруучуга "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин белгиленген үлгүдөгү сертификаты тапшырылат.

Апелляциялык комиссия тестирлөөнүн жыйынтыктарын карагандан кийин терс чечим чыгарган учурда, тест тапшыруучуга тестирлөөнүн жыйынтыгы көрсөтүлгөн "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин маалымкаты берилет.

"Кыргызтест" системасынын кийинки деңгээлине өтүү үчүн тест тапшыруу укугуна чек коюлбайт.

15. Тест тапшыруучу тестирлөө жүргүзүү эрежелерин бузган учурда "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлери тарабынан тестирлөөнүн эрежелерин бузгандыгы жөнүндө акт түзүлүп, аны тест тапшыруудан четтетүү жана тест жыйынтыктарын жокко чыгаруу боюнча чаралар көрүлөт.

"Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан аныкталган тестирлөөдөн өтүү эрежелерин бузуу тест тапшыруучуну тестирлөөдөн четтетүүгө жана тесттин жыйынтыктарын жокко чыгарууга себеп болуп саналат.

16. Саясий мамлекеттик кызмат ордуна талапкерлигин койгон адамдардын (мындан ары - талапкер) мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоодо "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин чечими менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын өкүлү сөзсүз киргизилген эксперттик комиссия түзүлөт.

Эксперттик комиссиянын чечими мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоого эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан кем эмеси катышкан учурда, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

Эксперттик комиссия талапкердин мамлекеттик тилди билүү деңгээли жөнүндө корутунду чыгарат.

Эксперттик комиссиянын чечимине ылайык "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси мамлекеттик тилди билүү деңгээли жөнүндө белгиленген үлгүдөгү сертификат же тест жыйынтыгы көрсөтүлгөн маалымкат берет.

17. Эгерде талапкер тестирлөөнүн жыйынтыгы менен макул болбосо, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин тест жыйынтыгы көрсөтүлгөн маалымкатын алган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде тест жыйынтыктарын кайра кароо үчүн көз карандысыз эксперттерден турган, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин чечими менен түзүлгөн апелляциялык комиссияга кайрылууга укуктуу.

Апелляциялык комиссия талапкердин арызы түшкөн күндөн тартып аны үч жумуш күндүн ичинде карайт.

Апелляциялык комиссия тестирлөөнүн жыйынтыктарын карагандан кийин оң чечим чыгарган учурда, талапкерге "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин белгиленген үлгүдөгү сертификаты тапшырылат.

Апелляциялык комиссия тестирлөөнүн жыйынтыктарын карагандан кийин терс чечим чыгарган учурда, талапкерге тестирлөөнүн жыйынтыгы көрсөтүлгөн "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин маалымкаты берилет.

18. Эксперттик комиссиянын иштөө тартиби жана апелляциялык комиссиянын иштөө тартиби "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан бекитилет.

19. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган айрым маселелер "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин актылары аркылуу жөнгө салынат.

## 5-глава. "Кыргызтест" системасын каржылоо

20. "Кыргызтест" системасы төмөнкүлөрдүн эсебинен каржыланат:

- республикалык бюджеттин;
- тартылган гранттык каражаттардын;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардын.".

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2018-жылдын 5-апрелиндеги
№ 186 токтому менен
бекитилген

## "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси жөнүндө
## ЖОБО

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы № 331 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин (мындан ары - Мекеме) ишинин тартибин аныктайт.

2. Мекеме өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ушул Жобону, Кыргыз Республикасынын башка укуктук ченемдик актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат.

3. Мекеме оперативдүү башкаруу укугуна негизделген уюштуруучулук-укуктук формада иштөөчү юридикалык жак болуп саналат.

Мекеменин уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саналат.

Мекеме Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин баалоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы № 331 токтомунун редакциясына ылайык)*

4. Мекеме негизги жана жүгүртүүчү каражаттарга, өз алдынча балanска, алыш-бериш эсебине, анын ичинде Кыргыз Республикасынын казыналык системасындагы атайын эсепке ээ.

5. Мекеменин толук аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси";

- расмий тилде: "Государственное учреждение "Кыргызтест".

6. Мекеме Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы бар мөөргө, штампка, белгиленген үлгүдөгү бланктарга ээ.

7. Мекеменин юридикалык дареги: 720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т.Саманчин көчөсү, 6 а.

## 2-глава. Мекеменин максаттары, милдеттери жана функциялары

8. Мекеменин максаты мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин бирдиктүү баалоо болуп саналат.

9. Мекеменин негизги милдеттери:

- мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин аныктоо;

- мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин аныктоо боюнча тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү;

- системаны, тест базасын программалык камсыздоону коргоону жана коопсуздугун камсыз кылуу;

- тестирлөөнүн жыйынтыктарын иштеп чыгуунун тууралыгын камсыздоо.

10. Мекеменин негизги функциялары:

- мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин аныктоо боюнча тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү;

- "Кыргызтест" системасынын техникалык базасынын туруктуу иштөөсүн камсыздоо;

- "Кыргызтест" системасынын өнүгүшүнө жана модернизацияланышына багытталган программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана техникалык жактан колдоо;

- Мекеменин маалыматтык системасынын жана ресурсунун абалына мониторинг жүргүзүү;

- мамлекеттик жана расмий тилдерди окутуу методикасы жана тестирлөө жаатындагы окуу-методикалык адабияттарды жана материалдарды иштеп чыгуу, басып чыгаруу;

- Мекеменин компетенциясына кирген маселелер боюнча конференцияларды, көргөзмөлөрдү, семинарларды жана курстарды уюштуруу жана өткөрүү.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы № 331 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 3-глава. Мекеменин укуктары жана милдеттери

11. Мекеме ушул Жободо аныкталган милдеттерди жана функцияларды ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан керектүү материалдарды, документтерди, маалыматтарды суроого жана белгиленген тартипте алууга;

- купуялык бузулган, тест тапшыруучу тарабынан тестирлөө эрежелери бузулган же жасалма документтерди жана жалган маалыматтарды берген учурларда тестирлөөнүн жыйынтыктарын жокко чыгарууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өзүнүн максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн эл аралык жана башка уюмдардын гранттарын жана каражаттарын тартууга;

- мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээли жөнүндө сертификаттардын үлгүсүн бекитүүгө;

- тестирлөөнүн жыйынтыгы тууралуу расмий документтерди (тилди билүү деңгээли тууралуу сертификатты же субтесттер боюнча топтолгон балл көрсөтүлгөн маалымкатты) берүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык жана башка уюмдар менен кызматташуу келишимдерин түзүүгө;

- ведомстволор аралык комиссияларды, эксперттик кеңештерди, жумушчу топторду, анын ичинде мамлекеттик органдар, юридикалык жана жеке жактар менен бирдикте түзүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга;

- Мекеменин кызматкерлерине консультация берүү, окутуу жана башка максаттар үчүн келишимдердин негизинде белгиленген тартипте адистерди тартууга;

- мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү деңгээлин аныктоо үчүн ченемдик укуктук, окуу-методикалык документтерди иштеп чыгууга катышууга.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы № 331 токтомунун редакциясына ылайык)*

12. Мекеме төмөнкүлөргө милдеттүү:

- тест тапшыруучуга тестирлөө шарттары жөнүндө толук маалымат берүүгө;

- тест тапшыруучу жөнүндө купуя маалыматты сактоого;

- тест базасын жана системасын программалык камсыздоонун коопсуздугун камсыз кылууга;

- тестирлөөдөн өткөн адамдардын документтеринин архивин түзүүгө;

- тестирлөөнүн сапатын аныктоо максатында тесттин жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүүгө жана аны өркүндөтүү боюнча чараларды көрүүгө;

- тестирлөө боюнча Мекеменин көрсөткөн кызматы тууралуу маалыматтын калкка бирдей жеткирилишин камсыз кылууга.

13. Мекеме ушул Жободо каралбаган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка укуктарды жана милдеттерди аткара алат.

## 4-глава. Мекемени башкаруу

14. Мекеменин ишин жалпы башкарууну Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу директор ишке ашырат.

15. Мекеменин директорунун орун басары болот. Аны Мекеменин директору кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот.

16. Мекеменин директору:

- Мекеменин ишин жетектейт жана Мекемеге жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышына жооп берет;

- Мекеменин атынан ишеним катсыз иш жүргүзөт, мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы юридикалык жана жеке жактар менен болгон өз ара мамилелерде Мекеменин кызыкчылыгын коргойт, келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, казыначылык системасында атайын эсеп ачат, банктык жана финансылык документтерге кол коёт;

- белгиленген тартипте Мекеменин бардык кызматкерлери үчүн аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет жана алардын аткарылышын контролдойт;

- белгиленген штаттык санынын чегинде Мекеменин кызматкерлеринин штаттык ырааттамасын жана түзүмүн бекитет;

- Мекеменин кызматкерлеринин функциялык милдеттерин аныктайт;

- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык Мекеменин кызматкерлерин ишке кабыл алат жана иштен бошотот;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Мекеменин кызматкерлерине карата сыйлоо жана тартип жоопкерчилик чараларын көрөт;

- Мекеменин атынан юридикалык жана башка аракеттерди аткаруу үчүн Мекеменин кызматкерлерине жана үчүнчү жактарга ишеним кат берет;

- ушул Жободо белгиленген Мекеменин милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон башка аракеттерди көрөт.

17. Мекеменин директору кызмат ордунда болбогон учурда, директордун милдеттерин Мекеменин директорунун орун басары аткарат.

18. Мекеменин кызматкерлери мамлекеттик кызматкер болуп эсептелбейт.

19. Мекеменин кызматкерлеринин иштөө жана эс алуу тартиби, алардын социалдык камсыздалышы, социалдык камсыздандырылышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## 5-глава. Эсепке алуу, пландоо, отчёт берүү

20. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өз ишинин жыйынтыктарынын статистикалык, бухгалтердик, чарбалык эсебин жүргүзөт.

21. Мекеме өзүнүн ишин иштелип чыккан иш пландарынын негизинде жүргүзөт. Мекеменин ишинин күнүмдүк иш пландарын директор бекитет.

22. Мекеме өз ишин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө отчёт берет.

Мекеме финансылык-чарбалык иштеринин жыйынтыктары тууралуу отчётторду белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берет.

## 6-глава. Мекеменин мүлкү

23. Мекеменин мүлкү мамлекеттик менчик болуп саналат.

24. Мекеменин мүлкү негизги фонддон жана жүгүртүүдөгү каражаттардан, ошондой эле башка материалдык баалуулуктардан турат, алардын наркы Мекеменин өз алдынча балансында көрсөтүлөт.

25. Мекеменин мүлкүн түзгөн булактарга төмөнкүлөр кирет:

- республикалык бюджеттин каражаттары;

- гранттар, юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу салымдары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

26. Мекеме өзүнө бекитилип берилген мүлктү жана өзүнө смета боюнча бөлүнгөн каражаттардын эсебинен сатып алынган мүлктү бул мүлктүн менчик ээсинин макулдугу менен ээликтен ажыратууга же башкача жол менен тескөөгө укуктуу. Мекеменин кирешелерин бөлүштүрүүнүн тартиби мүлктүн менчик ээси тарабынан аныкталат.

## 7-глава. Мекемени жоюу жана кайра түзүү

27. Мекемени жоюу же аны кайра түзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

28. Мекеменин ишин токтотууда анын ишинин жүрүшүндө пайда болгон документтер "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.